# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

1998-жылдын 16-ноябры № 145

## Китепкана иши жөнүндө

*(КР 2017-жылдын 18-мартындагы № 47, 2017-жылдын 10-майындагы № 79, 2017-жылдын 25-майындагы № 90, 2019-жылдын 8-июлундагы № 83, 2020-жылдын 18-июлундагы № 81 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

*(Прембула КР 2017-жылдын 25-майындагы № 90 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

### I бөлүм
### Жалпы жоболор

**1-берене. Ушул Мыйзамдын жөнгө салуу предмети**

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасында китепкана ишин сактап калуунун жана өнүктүрүүнүн укуктук базасы болуп саналат жана адамдын, коомдук бирикмелердин, элдердин жана этностук жалпылыктардын маалыматка эркин ээ болууга, рухий эркин өнүгүүгө, улуттук жана дүйнөлүк маданияттын баалуулуктарына аралашууга, ошондой эле маданий, илимий жана билим берүү иштерине эркин жетишүү укугуна кепилдик берүүчү китепкана ишинин принциптерин белгилейт.

Ушул Мыйзам эл аралык укуктун принциптерине жана ченемдерине ылайык китепкана ишин уюштуруунун жалпы маселелерин, китепкана иши жаатында мамлекеттин, жарандардын, ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын ортосундагы өз ара мамилелерди жөнгө салат.

*(КР 2017-жылдын 25-майындагы № 90 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**1[1]-берене. Негизги түшүнүктөр**

Ушул Мыйзамда төмөнкү түшүнүктөр колдонулат:

**китепкана** - басма жана кол жазма документтердин, графикалык, аудиовизуалдык материалдардын, электрондук алып жүрүүчүлөрдөгү документтердин уюштурулган фондусу бар жана аны жеке жана юридикалык жактарга убактылуу пайдаланууга берүүчү мекеме;

**китепкана фонду** - калкты китепканалык тейлөө максатында эсепке алууга, комплектөөгө, сактоого жана пайдаланууга тийиш болгон, уюштуруучулук жана

функционалдык жактан өз ара байланышкан, ар кандай багыттагы жана статустагы документтердин тартипке келтирилген жыйындысы;

**китепкана иши** - милдеттерине китепкана тармактарын түзүү жана өнүктүрүү, алардын фонддорун түзүү жана иштетүү, китепканалардын пайдалануучуларын китепканалык, маалыматтык жана маалымдама-библиографиялык тейлөөнү уюштуруу, китепканаларды өнүктүрүүнү илимий жана методикалык камсыз кылуу кирген маалыматтык, маданий-агартуучулук жана билим берүү иштеринин тармагы;

**документ** - сактоо жана коомдук пайдалануу максатында текст, үн жазуу же сүрөттөө түрүндө маалымат түшүрүлгөн, убакыт жана мейкиндикте берүүгө багытталган материалдык объект;

**китеп эстеликтери** - өтө жогорку рухий, материалдык баалуулуктагы, аларга карата эсепке алуунун, сактоонун жана колдонуунун өзгөчө режими белгиленген тарыхый, илимий, маданий өзгөчө маанидеги кол жазма китептер же басылмалар;

**жалпыга жеткиликтүү китепкана** - жашына, жынысына, улутуна, тилине, билимине, тегине, мүлктүк жана кызматтык абалына, динге болгон мамилесине, ишенимине, коомдук бирикмелерге таандыктуулугуна карабастан жеке жактарга, ошондой эле уюштуруу-укуктук формасына жана менчигинин формасына карабастан юридикалык жактарга анын кызмат көрсөтүүлөрүнөн, өздүк жана башка маалыматтык ресурстарын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берүүчү китепкана;

**китепканадан пайдалануучу** - китепкана кызмат көрсөтүүлөрүн пайдалануучу жеке же юридикалык жак;

**адистештирилген китепкана** - ар кандай алып жүрүүчүлөргө Брайл шрифтиси жана чоңойтулган шрифт менен алынган документтерден, ошондой эле электрондук документтерден турган ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды тейлеген китепкана;

**электрондук китепкана** - электрондук документтердин ар түрдүү коллекцияларынын сакталышын жана натыйжалуу колдонулушун камсыз кылуучу, системанын өзүндө жайгашкан жана телекоммуникациялык тармактар аркылуу жеткиликтүү болгон маалыматтык система;

**электрондук документ** - маалымат электрондук-санариптик формада берилген документ.

*(КР 2017-жылдын 25-майындагы № 90 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**2-берене. Китепкана иши жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары**

Китепкана иши жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары "Маданият жөнүндө", "Документтердин милдеттүү нускасы жөнүндө", "Маалыматташтыруу жөнүндө", "Тарыхый-маданий мурасты пайдалануу жана коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, ошондой эле ушул Мыйзамды жана ага ылайык кабыл алынган китепкана иши жаатындагы Кыргыз Республикасынын ченемдик укук актыларын камтыйт.

*(КР 2017-жылдын 25-майындагы № 90 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**3-берене. Ушул Мыйзамды колдонуу чөйрөсү**

Ушул Мыйзамдын колдонулушу алардын уюштуруу-укуктук формаларына жана менчик формаларына карабастан тарыхый-маданий мурастын бөлүгү катары бардык китепканаларга, китепкана фонддорун сактоо жана пайдалануу маселелерин жөнгө салуу максатында республикалык жана жергиликтүү

бюджеттердин эсебинен толук же жарым жартылай каржылануучу китепканаларга жайылтылат.

**4-берене. Китепканалардын негизги түрлөрү**

Китепканалар мамлекеттик бийликтин бардык деңгээлдеги органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, юридикалык жана жеке жактар тарабынан түзүлүшү мүмкүн.

Менчиктин түзүлүштөрүнүн жана формаларынын тартибине ылайык китепканалардын негизги түрлөрү төмөнкүдөй бөлүнүшөт:

мамлекеттик бийлик органдары тарабынан түзүлгөн мамлекеттик китепканалар, анын ичинде:

- республикалык китепканалар;

- министрликтердин жана башка аткаруу бийликтеринин китепканалары;

жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан түзүлгөн областтык, шаардык, райондук китепканалар;

Улуттук илимдер академиясынын, башка академиялардын, илим-изилдөө институттарынын, билим берүү мекемелеринин китепканалары;

ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын китепканалары;

коомдук бирикмелердин китепканалары;

менчик китепканалар;

чет өлкөлүк юридикалык жана жеке жактар, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык эл аралык уюмдар тарабынан уюштурулган китепканалар.

*(КР 2017-жылдын 25-майындагы № 90 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## II бөлүм
## Граждандарды китепкана иши тармагындагы укугу

**5-берене. Китепканалык тейлөөгө укук**

Ар бир граждан жынысына, курагына, улутуна, билимине, социалдык абалына, саясий көз карашына, динге болгон мамилесине карабастан Кыргыз Республикасынын аймагында китепканалык тейлөө укугуна ээ.

Граждандарды китепканалык тейлөө укугун:

- китепканалык тейлөөнүн негизги түрлөрү акысыз ишке ашырылуучу мамлекеттик, областтык, шаардык, райондук жалпы пайдалануудагы китепканаларды түзүү менен;

- уюштуруу-укуктук формаларына жана менчик формаларына, ишкердик адистешүүсүнө жана камтыган чөйрөсүнө көз каранды болбогон юридикалык жана жеке жактардын китепкана түзүлүштөрүн мамлекеттик жөнгө салган китепканалардын көп түрү менен камсыз кылат.

Граждандардын китепканалык тейлөө тармагындагы укуктары бул тармактагы мамлекеттик жана анын бардык тармактарынын, коомдук бирикмелердин, диний жана башка уюмдардын укуктарына жараша артыкчылыктарга ээ.

**6-берене. Китепкана ишмердүүлүгүнө укук**

Каалаган юридикалык же жеке жактар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын аймагында китепкана түзүү укугуна ээ.

Граждандар китепканалардын жетекчилеринин же аларды түзүүчүлөрдүн макулдуктары боюнча түзүлгөн камкорчулук, окурмандык кеңештердин же башка окурмандардын бирикмелеринин иш-аракеттерине катышуу укугуна ээ.

Китепканалардын кызматкерлери китепканалык тейлөөнү өнүктүрүүгө, кесиптик биригүүгө, өздөрүнүн социалдык жана кесиптик укуктарын коргоого көмөктөшүү максаттарында коомдук бирикмелерди түзүү укугуна ээ.

Тарыхый-маданий мурас объекттерине кирүүчү өзгөчө мааниси бар басылмаларды жана коллекциялар камтыган жеке менчик жыйнак документтери бар граждандар мындай жыйнак документтери тарыхый-маданий мурас катары тийиштүү республикалык аткаруу бийлигинин, областтык, шаардык, райондук аткаруу бийликтеринин же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын каттоосунан өтсө алар сактоо боюнча мамлекет тарабынан колдоо укугуна ээ.

**7-берене. Китепканалардан пайдалануучулардын укугу**

Китепканалардан пайдалануучулардын бардыгы китепканаларга кирүүгө укуктуу жана өздөрүнүн суроо-талаптары менен кызыкчылыктарына ылайык китепканаларды эркин тандап алуу укугуна ээ.

Китепканалардын фондуларына жеткиликтүүлүк тартиби, негизги кызмат көрсөтүүлөрдүн жана китепканалардын аларды көрсөтүү шарттарынын тизмеги китепканалардын уставдарына, мамлекеттик сырды сактоо жөнүндө мыйзамдарга, автордук жана чектеш укуктар жөнүндө мыйзамдарга жана тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу тууралуу мыйзамдарга ылайык белгиленет.

Китепканаларды пайдалануучулар керектүү документтерди, китепканалык фонддорунун саны жөнүндө маалыматты бардык китепканалардан акысыз алуу укугуна ээ.

Граждандар жалпы пайдалануудагы китепканаларда:

инсандыгы ким экендигин күбөлөндүргөн документтерин көрсөтүү менен китепканалардын пайдалануучулары болуп калууга;

каталогдор системасы жана китепкана маалыматтарынын башка формалары аркылуу китепкана фонддорунун курамы жөнүндө акысыз толук маалымат алууга;

маалымат башаттарын издөөдө жана тандоодо акысыз консультациялык жардам алууга;

китепкана фондунан убактылуу пайдаланууга ар кандай документти акысыз алууга;

башка китепканалардан китепканалар аралык абонент боюнча документтерди жана алардын көчүрмөлөрүн алууга;

Интернетке кирүүгө мүмкүнчүлүк алуу;

тизмеси китепкананы пайдалануу эрежелеринде аныкталган ар кандай кызмат көрсөтүүлөрдөн, анын ичинде акы төлөнгөн кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдаланууга укуктуу.

Китепканадан пайдалануучулар мамлекеттик жана областтык, шаардык, райондук китепканалардан тейленүүгө, кыргыз жана орус тилдериндеги документтерди алууга укуктуу.

Китепканадан пайдалануучу өзүнүн укугуна шек келтирген китепкана кызматкерлеринин аракеттерине байланыштуу сотко даттана алат.

*(КР 2017-жылдын 25-майындагы № 90 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**8-берене. Китепканалардан пайдалануучу өзгөчө топтордун укугу**

Улуттук азчылыктардын өкүлдөрү алардын тилинде китепкана фонду бар болсо, аны пайдаланууга укуктуу.

Көрүү боюнча мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар жалпыга жеткиликтүү жана атайын адистештирилген китепканаларда тейленүүгө укугу бар. Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү китепканалардын имараттарынын жеткиликтүүлүгү жана тейлөөнүн ыңгайлуулугу боюнча шарттарды түзүүгө милдеттүү.

Жашы улгайып калган, китепканадан пайдаланууга мүмкүнчүлүгү жок саламаттыгы начар китепкана пайдалануучулары жалпы пайдалануудагы китепканалардын фонддорунан документтерди мамлекеттик программалардын тийиштүү бюджеттери менен каражаттарынын эсебинен каржылоо камсыз кылынган тейлөөнүн сырттан же көчмө формалары аркылуу алууга укуктуу.

Балдар жана өспүрүм курагындагылардын китепканасын пайдалануучулар жалпы пайдалануудагы балдар жана өспүрүмдөрдүн адистешкен мамлекеттик китепканаларынан, ошондой эле уставдарына ылайык билим берүү мекемелеринин китепканаларынан пайдаланууга укуктуу.

*(КР 2017-жылдын 25-майындагы № 90 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**9-берене. Китепканалардан пайдалануучулардын жоопкерчилиги**

Китепканалардан пайдалануучулар китепканалардан пайдалануу эрежелерин так аткарууга милдеттүү.

Китепканалардан пайдалануу эрежелерин бузуучулар жана китепканаларга зыян келтирүүчүлөр чыгымды китепканаларды пайдалануунун белгиленген эрежесиндеги өлчөмдө компенсациялашат, ошондой эле иштеп жаткан мыйзамда каралган учурларда башкача жоопкерчилик тартышат.

**10-берене. Китепкананын ээси**

Китепкананын ээси колдонуудагы мыйзамга ылайык анын иштөөсүн каржылайт жана ишкердигине контролду жүзөгө ашырат, ошондой эле китепкананын жетекчисин дайындайт. Китепкананын ээсинин китепканалардын чыгармачылык ишмердигине анын уставында жана иштеп жаткан мыйзамда каралгандан башка учурларда кийлигишүүгө укугу жок.

## III бөлүм
## Китепканалардын милдеттери жана укуктары

**11-берене. Китепканалардын статусу**

Мамлекеттик жана областтык, шаардык, райондук китепканалар, мамлекеттик жана борборлоштурулган китепкана тармактары колдонуудагы мыйзамда белгиленген тартипте каттоодон өткөн учурдан тартып юридикалык жактын статусун алат. Башка китепканалардын статусу алардын ээлери тарабынан аныкталат.

**12-берене. Китепканалардын милдеттери**

Өздөрүнүн ишмердигинде китепканалар ушул мыйзамда белгиленген граждандардын укуктарын жүзөгө ашырат. Китепканалар китепканадан пайдалануучуларды өздөрүнүн уставдарына, китепканалардан пайдалануу эрежелерине жана колдонуудагы мыйзамга ылайык тейлейт.

Китепкана фондуларына эркин кирүүгө, ошондой эле окурмандардын суроо-талаптары, китепканалардан пайдалануучулар жөнүндө маалыматтарды пайдалануу, бул маалыматтар илимий максаттар үчүн жана китепканалык тейлөөнү уюштуруу үчүн пайдаланылгандан башка учурларда китепканадан пайдалануучулардын укугун чектеген мамлекеттик же башка ар кандай цензурага жол берилбейт.

Толук же жарым жартылай бюджеттик каржылоодо турган китепканалар өздөрүнүн иш-аракеттеринде коомдо татаалдашып бара жаткан идеологиялык жана саясий көп түрдүүлүктү чагылдырышат.

Өздөрүнүн фонддорунда тарыхый-маданий мурас объектилерине таандык өзгөчө маанилүү басылмалары жана коллекциялары бар китепканалар алардын тарыхый-маданий мурастардын бөлүктөрү катары каттоодон өтүүсүн, алардын жыйымдык каталогдорунун өз учурунда эсепке алынуусу үчүн жоопкерчилик тартышат жана алардын сакталышын, ошондой эле алардын маданияттын мамлекеттик сактоо жана өнүгүү программаларынын чегиндеги автоматташтырылган маалымат базаларына киргизилишин камсыз кылат.

Китепканалар колдонуудагы мыйзамда жана китепканаларды түзүү документтеринде каралгандай өздөрүнүн түзүүчүлөрүнүн жана расмий статистика жаатындагы мамлекеттик органдын алдында отчет берүүгө милдеттүү.

*(КР 2019-жылдын 8-июлундагы № 83 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**13-берене. Китепканалардын укуктары**

Китепканалар:

өздөрүнүн уставдарында белгиленген максаттарга жана милдеттерге ылайык өз ишмердүүлүктөрүнүн мазмунун жана айкын формаларын өз алдынча аныктоого;

түзүүчүлөр менен макулдашуулар боюнча китепканалардан пайдалануу эрежелерин бекитүүгө;

сейрек жана баалуу басылмаларды берүүдө, ошондой эле китепканалардан пайдалануулардын эрежелерине ылайык башка учурларда күрөөлөрдүн суммасын аныктоого;

китепканалардан пайдалануучулар келтирген зыяндарды компенсациялоонун түрлөрүн жана өлчөмдөрүн китепканалардан пайдалануу эрежелерине ылайык аныктоого;

китепканалардын кызмат көрсөтүүлөрүн жана социалдык экономикалык өнүгүү шарттарында, өздөрүнүн негизги ишмердүүлүктөрүнө зыян келтирбегендей абалда китепканалардан пайдалануучуларга сунуш кылуучу тизмелерди кеңейтүү максатында чарбалык ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга;

юридикалык жана жеке жактар менен келишимдердин негизинде китепканалык фонддордон пайдалануу шарттарын аныктоого;

колдонуудагы мыйзамда белгиленген тартипте китепкана бирикмелерин түзүүгө;

китепкана ишинин өнүгүүсүнүн мамлекеттик жана региондук программаларын жүзөгө ашырууга конкурстук же башка негиздерде катышууга;

чет өлкөлөрдүн китепканалары жана башка мекемелери же уюмдары менен белгиленген тартипте кызматташууну жүзөгө ашырууга, анын ичинде эл аралык китеп алмашууларды жүргүзүүгө, белгиленген тартипте эл аралык уюмдарга кирүүгө, эл аралык китепканалык жана башка программаларды ишке ашырууга катышууга;

өздөрүнүн фонддорун комплектөөнүн булактарын өз алдынча аныктоого;

өздөрүнүн фонддорунан колдонуудагы ченемдик укук актыларына ылайык, китепканалардын түзүүчүлөрү менен макулдашылган тартипке ылайык документтерден башка документтерди алып коюуга жана сатып өткөрүүгө укуктуу. Ошол эле учурда китепканалар өздөрүнүн уюштуруу-укуктук формаларына жана менчик түрлөрүнө карабастан, тарыхый-маданий мурас объектилерине кирген, сактоо жана пайдалануу эрежелери колдонуудагы мыйзамга ылайык аныкталган документтерди көчүрүп жазып алууга жана сатып өткөрүүгө;

колдонуудагы мыйзамдарга каршы келбеген башка иш-аракеттерди жүргүзүүгө укуктуу.

Китепканалар мамлекеттик программалар боюнча чыгарылган документтерди мамлекеттик программалар боюнча басып чыгарылган китептерди алууга артыкчылык укуктарына жана жоюлган китепканалардын документтерин биринчи кезекте алуу укуктарына ээ.

## IV бөлүм
## Китепкана иши тармагындагы мамлекеттин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттери

### 14-берене. Китепкана иши тармагындагы мамлекеттик саясат

Китепкана тармагындагы мамлекеттик саясаттын негизинде - китепканаларды пайдаланууда чогултулган жана сунушталган жалпы көпчүлүккө таандык маалыматтар жана маданий баалуулуктар үчүн шарт түзүү принциби жатат.

Мамлекет ушул мыйзамда каралган укуктарга кепил болуп чыга алат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо китепканалардын кесиптик ишмердүүлүктөрүнө кийлигишпейт.

Мамлекет тийиштүү салык, кредит жана баа саясатын жүргүзүү аркылуу каржылоо жолу менен китепкана ишинин өнүгүүсүнө колдоо көрсөтөт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгиленген тартипте китепкана ишин өнүктүрүүнүн мамлекеттик программаларын, ошондой эле Кыргыз Республикасында маданиятты сактап калуунун жана өнүктүрүүнүн тутумдук бөлүгү болуп эсептелген программаларды иштеп чыгат. Аткаруу бийлигинин органдары китепкана тейлөөсү боюнча региондор аралык жана ведомстволор аралык байланышты, анын ичинде коомду маалымат менен камсыз кылуу багытындагы иштерди жөнгө салууну уюштурат.

Мамлекет калктын социалдык жана экономикалык жактан коргоого алынган кемкарч катмарларын жана топторун (балдарды, уландарды, майыптарды, пенсионерлерди, качкындарды, жумушсуздарды, айыл жеринде жашоочуларды,

бийик тоолуу жана аларга теңдеш аймактарда жашагандарды) китепканалык тейлөөнү өнүктүрүүнү колдойт.

Мамлекеттик бийлик органдары калкты тейлөөнү акысыз уюштурган мамлекеттик эмес менчик формаларындагы китепканаларды материалдык жактан колдой алат.

Мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары китепкана ишинде заманбап маалыматтык жана телекоммуникациялык инфратүзүмдү камсыз кылат жана бардык деңгээлдеги китепканаларда телекоммуникациялык технологиялардын жогорку деңгээлин камсыз кылуу үчүн аларга тең мүмкүнчүлүктөрдү беришет.

*(КР 2017-жылдын 25-майындагы № 90 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**15-берене. Китепкана ишин өнүктүрүү боюнча мамлекеттин милдеттери**

Мамлекеттик бийликтин республикалык органдары:

тарыхый-маданий мурастардын объектилерине кирүүчү китепкана фонддорун сактоону, каттоону жана контролдоону;

китепкана фонддорун комплектөөгө жана мезгилдүү жана улануучу басылмаларга жазылууга Улуттук жана республикалык китепканаларды кепилденген максаттуу каржылоону жана Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин сметасында өзүнчө корголгон берене менен мамлекеттик каржылоону камсыз кылууну;

китепкана кадрларын даярдоо жана кайра даярдоо, ишке орноштуруу, эмгек акы төлөө тармагындагы мамлекеттик саясаттын принциптерин аныктоону, ошондой эле китепкана кызматкерлери үчүн социалдык кепилдиктерди жана жеңилдиктерди орнотууну;

китепкана кадрларын даярдоону жана кайра даярдоону ишке ашыруучу республикалык баш ийүүдөгү билим берүү мекемелерин түзүүнү жана каржылоону, бул билим берүү мекемелерин башкарууну;

китепкана иши тармагындагы илимий изилдөөлөргө жана усулдук камсыздоого, ошондой эле аларды каржылоого көмөктөшүүнү;

мамлекеттик китепкана стандарттарын жана ченемдерин өркүндөтүү, китепкана ишин маалымат менен камсыз кылуу тармактарын уюштурууну;

китепканаларда мамлекеттик статистикалык эсепти уюштурууну камсыз кылышат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:

китепкана фонддорун комплектөөнү, мамлекеттик областтык, шаардык, райондук жана айылдык китепканалардын фонддорунун сакталышын жана мезгилдүү басылмаларга жазылууну кепилденген максаттуу каржылоо;

китепкана тейлөөсүндө граждандардын укуктарын ишке ашырууну камсыз кылышат.

китепкана ишин өнүктүрүүнүн региондук жана жергиликтүү программаларын ишке ашырууну.

Мамлекеттик бийликтин республикалык органдары, мамлекеттик бийликтин областтык, шаардык, райондук органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бюджеттик каржылоодо иштеп жаткан китепканаларды материалдык-

техникалык камсыздоону начарлатууга алып келүүчү, ошондой эле аларды китепкана фонддорун сактоого жана китепканалык тейлөөдө эмгекти коргоонун талаптарына жооп бербеген жайларга көчүрүүнү көздөөчү чечимдерди кабыл алууга жана ишке ашырууга укугу жок.

Китепканалардын жана аны пайдалануучулардын мыйзамдуу укуктарын кемсинткен аталган органдардын чечимдерине, ошондой эле алардын кызмат адамдарынын аракеттерине же аракетсиздигине "Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган тартипте даттанууга болот.

*(КР 2017-жылдын 18-мартындагы № 47, 2017-жылдын 25-майындагы № 90 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## V бөлүм
## Китепкана иши жагындагы тарыхый-маданий мурастарды кароонун жана пайдалануунун өзгөчөлүү шарттары

### 16-берене. Китепкана фонддору тарыхый-маданий мурастардын объект тери катары

Документтердин милдеттүү нускасынын системаларынын негизинде комплектелген, ошондой эле өзгөчө баалуу жана сейрек документтерден түзүлгөн китепкана фонддору тарыхый-маданий мурас болуп эсептелет жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тарыхый-маданий мурастардын объекттери болуп жарыяланышы мүмкүн.

Тарыхый-маданий мурастардын объекттерине кирген китепкана фонддору Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өзгөчө тартипте коргоодо, сактоодо жана пайдаланууда болот.

Тарыхый-маданий мурас объектилерине кирген китепканалар фондун сактоонун жана колдоонун зарыл шарттарын камсыз кыла албаса, тарыхый-маданий мурастарды сактоо жана пайдалануу боюнча мамлекеттик органдын атайын өкүлүнүн уруксаты боюнча бул фонддор тартып алынып жана башка китепканалардын тутумуна берилиши мүмкүн.

Фондулары тарыхый-маданий мурастардын объектилери катары катталган китепканаларды жоюу - көрсөтүлгөн фонддорун сактоону жана пайдаланууну андан ары камсыздоо менен тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу боюнча мамлекеттик органдын атайын өкүлү тарабынан уруксат алганда гана китепкананы түзүүчү тарабынан жүргүзүлөт.

### 17-берене. Китепканалар тарыхый-маданий мурастын бир бөлүгү катары

Белгиленген тартипте тарыхый-маданий мурастардын объекттерине кирген китепканалар тарыхый-маданий мурастардын объектилеринин тизмесине киргизилет жана Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык сактоонун жана пайдалануунун өзгөчө тартибинде болот.

Китеп эстеликтери улуттук китепкана фондунун өзгөчө баалуу бөлүгү болуп саналат, китеп эстеликтеринин реестринде катталууга тийиш. Документтерди китеп эстелигине киргизүүнүн тартиби, китеп эстеликтерин китеп эстеликтеринин реестринде каттоо жана китеп эстеликтеринин реестрин жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

*(КР 2017-жылдын 25-майындагы № 90 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 18-берене. Кыргыз Республикасынын Улуттук китепканасы

Кыргыз Республикасынын Улуттук китепканасы Кыргыз Республикасынын бардык элдеринин, Ата Мекендик жана дүйнөлүк маданияттын, илимдин, билим берүүнүн өнүгүүсүнүн кызыкчылыгында коомдун ар тараптуу маалыматка болгон кызыгууларын канааттандырат, китепкананын библиографиялык жана илимий-маалымат ишмердүүлүгүн уюштурат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук китепканасы төмөнкүдөй негизги кызматтарды аткарат: китепкананы пайдалануучуларга Ата Мекендик документтердин кыйла толук жыйынтыктарын, чет элдик илимий маанидеги документтерди топтойт, сактайт жана сунуш кылат; республиканын аймагында жана анын чегинен сырткары басылган Кыргыз Республикасы жөнүндө бардык документтердин таржымал эсептерин уюштурат жана алып берет; улуттук басылмаларды библографиялык эсепке алууга катышат, китепкана таануу, библиография таануу жана китеп таануу боюнча мамлекеттик маанидеги усулдук, илимий-маалыматтык жана маданий борбор, илим изилдөө мекеме болуп эсептелет, китепкана иши жагынан мамлекеттик саясатты иштеп чыгууга жана жүзөгө ашырууга катышат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук китепканасы ушул мыйзамдын негизинде жана Кыргыз Өкмөтү бекиткен ал жөнүндөгү Жобого ылайык иш жүргүзөт.

Кыргыз Республикасынын улуттук китепканасы тарыхый-маданий мурастын өзгөчө баалуу объектине кирет жана түздөн-түз мамлекеттин менчиги болуп эсептелет. Улуттук китепкананын менчик формасын өзгөртүүгө, аны жоюуга жана башкача түрдө өзгөртүүгө жол берилбейт, анын фондуларынын бүтүндүгү жана тартылып алынбастыгы кепилденет.

Кыргыз Республикасынын Улуттук китепканасынын имараты, курулмасы жана башка мүлктөрү анын түздөн-түз башкаруусунда, ал ээлеп турган жер участогу анын мөөнөтсүз жана кайтаруусуз пайдалануусунда болот.

Өзгөчө баалуу жана сейрек документтерди, басылмаларды жана коллекцияларды камтыган Кыргыз Республикасынын Улуттук китепканасынын фонду Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тарыхый-маданий мурастын объектиси болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук китепканасынын базасында фонддордун сакталышын камсыз кылуу жана коомдук пайдалануу үчүн Улуттук электрондук китепкана түзүлөт.

*(КР 2017-жылдын 25-майындагы № 90 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## VI бөлүм
## Китепканалар өз ара аракеттенишкен уюм

### 19-берене. Китепканалык тейлөөнү координациялоону жана кооперациялоону камсыз кылууга мамлекеттин катышуусу

Китепканадан пайдалануучулардын маалыматка болгон керектөөлөрүн кыйла толук канааттандыруу, китепкана фонддорун сарамжалдуу пайдалануу үчүн мамлекет алардын ресурстарын өз ара пайдаланууга түрткү берет. Бул максатта мамлекеттик бийлик органдары мамлекеттик, анын ичинде борбордук китепкананын функциясын аткаруучу китепканаларды алардын ресурстарын (китепканалар аралык абонементти, жыйынды каталогдорду, маалыматтардын автоматташтырылган базаларын, депозитарийлерди) өз ара пайдалануу үчүн шарттарды түзүү боюнча ишин каржылайт.

Мамлекеттик маалыматтык ресурстарды сарамжалдуу пайдаланууну камсыз кылуу үчүн китепканалар илимий-техникалык маалыматтар мекемелери, архивдер, ар кандай деңгээлдеги маалыматтык базасы бар башка ишканалар жана уюмдар менен өз ара аракеттенишет. Алардын өз ара аракеттенүү тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

Китепканалардын ишин координациялоо максатында Ведомстволор аралык китепканалык кеңеш түзүлөт, ал китепканаларды өнүктүрүүнүн стратегиясы, китепканалык улуттук программа, китепканалардын ишин координациялоо, китепкана ишинин эң маанилүү маселелери менен иштөөгө чакырылган эксперттик жана консультациялык орган болуп саналат.

Ведомстволор аралык китепканалык кеңештин иши Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгилеген тартипте жүзөгө ашырылат.

*(КР 2017-жылдын 25-майындагы № 90 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**20-берене. Борбордук китепканалар**

Китепкана пайдалануучуларына документтердин универсалдуу жыйнактарын түзүүнү, сактоону жана берүүнү жүргүзгөн, китепкана ресурстарын өз ара пайдаланууну уюштурууну жүзөгө ашырган жана башка китепканаларга методикалык жардамдарды көрсөткөн китепканаларга (областтык, шаардык, райондук) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленүүчү тартипте "борбордук" статусу ыйгарылат.

Борбордук китепкананын функцияларын төмөнкүлөр аткарышат:

областта - областтык китепкана;

шаарда - борбордук шаардык китепкана;

райондо - борбордук райондук китепкана.

Борборлоштурулган китепкана өзү тейлеген аймактын чегинде китепканалардан пайдалануучуларга ар тараптуу документтердин жыйнагын чогултууга, сактоого жана сунуш кылууга, китепкана ресурстарын биргелешип пайдаланууну жана китепканаларга усулдук жардам көрсөтүүнү уюштурууга милдеттүү.

Мамлекеттик бийликтин областтык, шаардык, райондук органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тармактын түзүлүшү жана китепканалардан пайдалануучулардын өзгөчө топторун тейлөө боюнча (балдардын жана өспүрүмдөрдүн куракатгы, азиздер менен начар көргөндөрдүн ж.б.) адистешкен борбордоштурулган китепканаларды түзүшү мүмкүн.

Борборлоштурулган китепканалардын милдети - белгиленген тартипке ылайык бир нече китепканалардын ортосунда бөлүштүрүлүшү мүмкүн. Мындай болгон учурда алар өздөрүнүн кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмүнө жараша бюджеттен каржыланат.

Мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары борбордук китепканалардын жетекчилигинде турган региондордун борборлоштурулган китепкана системасынын курамына кирген, баштапкы звенодон - айылдык жана шаардык китепканалардан - филиалдардан турган, өз кезегинде ушул региондордун областтык китепканалары менен бириккен, жалпы пайдалануудагы китепканалардын бирдиктүү тармагын сактап калууну камсыз кылышат.

*(КР 2017-жылдын 25-майындагы № 90 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**21-берене. Китепканалардын илимий-техникалык маалымат органдары жана архивдер менен өз ара аракеттенүүсү**

Китепканалар мамлекеттик маалымат ресурстарын үнөмдүү пайдаланууну камсыз кылуу максатында ар кандай деңгээлдеги маалымат банктары бар илимий-техникалык маалымат органдары, архивдер жана башка ишканалар, мекемелер, уюмдар менен биргелешип иштешет. Биргелешип иштөө тартиби иштеп жаткан мыйзамдарга, мамлекеттик программаларга, ошондой эле китепканалар менен бул мекемелердин жана ишканалардын ортосунда түзүлгөн келишимдер менен аныкталат.

## VII бөлүм
## Китепкана ишин экономикалык жактан багыттоо

**22-берене. Китепканаларды түзүү тартиби**

Кыргыз Республикасынын аймагында Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана ушул Мыйзамда белгиленген тартипте менчиктин ар түрдүү формасындагы китепканалар түзүлөт жана иштейт.

Китепкана колдонуудагы мыйзамдарда белгиленген тартипте анын каттоодон өткөн күнүнөн тартып түзүлдү деп эсептелет жана юридикалык жактын укугун алат. Юридикалык жактын укугуна ээ эмес китепканалар, аларга юридикалык жактын статусу берилген учурда колдонуудагы мыйзамдарда белгиленген тартипте тийиштүү каттоодон өтөт.

Каттоодон баш тартууга "Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган тартипте даттанууга болот.

Китепканаларды түзүүчүлөр, болбосо анын өкүлдөрү болгон жеке жана юридикалык жактар, ошондой эле маданият органдары мүлктүн ээси боло алышат.

Китепканаларды түзүүчүлөр анын уставын бекитишет, аны каржылоо жана материалдык-техникалык камсыздоо боюнча милдеттенмелерди өздөрүнө алат. Китепкананын уставында анын юридикалык статусу, каржылоо булактары, китепканалардын ишмердигинин негизги милдеттери, аларды пайдалануунун шарттары, китепкана менен анын түзүүчүсүнүн ортосундагы мүлктүк маселелер, китепканадагы башкаруу тартиби бекемделүүгө тийиш.

Китепкана менен анын түзүүчүсүнүн ортосундагы мүлктүк жана каржылоо мамилелери иштеп жаткан мыйзамдар жана түзүүчүлүк документтер менен жөнгө салынат.

*(КР 2017-жылдын 18-мартындагы № 47 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**23-берене. Китепканаларды кайра түзүү жана жоюу**

Китепкана анын ээсинин же түзүүчүнүн чечими менен, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда кайра түзүлүүсү жана жоюлуусу мүмкүн.

Китепкананы жоюу жөнүндө чечим кабыл алган орган бул тууралу юридикалык жактарды мамлекеттик каттоону жүргүзгөн органга милдеттүү түрдө кат жүзүндө билдирип, түзүүчүнүн, кесиптик бирикмелердин жана китепкананын эмгек жамаатынын өкүлдөрүнөн жоюу комиссиясын түзөт жана жоюу белгиленген

мөөнөтке эки айдан кем эмес чечим жөнүндө жергиликтүү басма сөздө жарыя кылат.

Китепкананы жоюуда анын китепкана фондун ээлеп алуунун өзгөчөлүү укугуна-бардык деңгээлдеги мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана тиешелүү тармактагы китепканалар ээ болушат.

Китепканаларды кайра түзүү (кошуу, бириктирүү, бөлүштүрүү, ажыратуу, кайра куруу) колдонуудагы мыйзамдарда белгиленген тартипте китепканаларды түзүүчүлөрдүн, ошондой эле бардык тараптардын макулдашылган демилгеси боюнча да жүргүзүлүшү мүмкүн.

Мамлекеттик жана областтык, шаардык, райондук китепканаларды алар жайгашкан жайларды жана имараттарды мамлекеттен ажыратууга, менчиктештирүүгө тыюу салынат.

Китепканаларды алардын иштөө шарттарын начарлата турган жайларга которууга тыюу салынат. Китепкана жайгашкан жай башка уюмдарга өткөрүп берилген учурда, мамлекеттик бийлик органдары китепканага ага теңдеш жай берүүгө жана китепкана фонддорун жана китепкананын жабдууларын көчүрүүнү каржылоону камсыз кылууга милдеттүү.

Мамлекеттик китепканаларды жоюу тууралуу укук ченемсиз чечимге жеке жана юридикалык жактар, коомдук бирикмелер же көзөмөлчү (окурмандар) кеңештер "Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган тартипте даттана алат.

Айыл жеринде жайгашкан китепкананы кайрадан уюштуруу же жоюу жөнүндө чечимдер, ушул айыл жеринин жашоочуларынын пикирин эске алуу менен жана тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу боюнча атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын пикирин эске алуу менен гана кабыл алынат.

Айыл жеринде жайгашкан китепкана жоюлган учурда, жоюучу комиссиянын курамына жергиликтүү коомчулуктун өкүлдөрү жана тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу боюнча атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын өкүлдөрү кирет.

*(КР 2017-жылдын 18-мартындагы № 47, 2017-жылдын 25-майындагы № 90 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**24-берене. Китепканалардын мүлкү**

Китепкана Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген чектерде өзүнө бекитилген мүлктөрдү түздөн-түз башкаруу менен аны ээлөөгө, пайдаланууга жана жайгаштырууга укуктуу.

Мамлекеттик, областтык, шаардык, райондук жана башка көпчүлүккө таандык китепканалар калкты китепканалык тейлөөнү жакшыртуу үчүн өздөрүнө кайтарымсыз пайдаланууга жер участокторун жана өндүрүштүк жайларды бөлүштүрүп алуу укугуна ээ.

Китепканалардын финансы каражаттарын пайдалануу тартиби анын уставында регламенттелет.

Китепканаларды материалдык-техникалык камсыз кылууну начарлатууга, аларды эмгекти коргоо талаптарына, маалыматтык-китепкана фонддорун сактоо ченемдерине жана шарттарына ылайык келбеген жайларга которууга жол берилбейт.

*(КР 2017-жылдын 25-майындагы № 90 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**25-берене. Китепканаларды өнүктүрүү фонддору**

Менчиктин бардык түрлөрүндөгү китепканалардын ишмердүүлүгүн материалдык камсыздоого көмөк көрсөтүү максатында китепканаларды өнүктүрүүнүн мамлекеттик жана мамлекеттик эмес фонддору түзүлүшү мүмкүн. Бул фонддорду түзүүчүлөрдүн мүчөлүк акылары, ишкана, мекеме, уюмдардан келип түшүүлөр, граждандар менен коомдук уюмдардын кайрымдуулук акылары, атайын аукциондорду жана башка коммерциялык иш-чараларды өткөрүүдөн түшкөн кирешелер аларды түзүүнүн булактары болуп эсептелет.

Аталган фонддордун каражаттары китепкана ишин өнүктүрүү программаларын каржылоо, китепкана ишмердүүлүктөрүн координациялоо жана кооперациялоо, алардын түзүүчүлөрү тарабынан бекитилген, фонддордун уставдарында каралган тартиптеги ар кандай иш-чараларды каржылоо максаттарында колдонулат. Китепканаларды өнүктүрүү фонддору алардагы менчиктин түрүнө карабастан ар кандай китепканалардын ишкердүүлүктөрүн колдоо максатында пайдаланылышы мүмкүн.

*(КР 2017-жылдын 10-майындагы № 79 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**26-берене. Китепканалардын кызматкерлеринин эмгектик мамилелери**

Китепкана кызматкерлеринин эмгектик мамилелери Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси менен жөнгө салынат.

Мамлекеттик китепканалардын кызматкерлери Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте мезгилдүү аттестациялоодон өтүшөт.

*(Үчүнчү бөлүк КР 2020-жылдын 18-июлундагы № 81 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

*(КР 2020-жылдын 18-июлундагы № 81 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## VIII бөлүм
## Корутунду жоболор

**27-берене. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши**

Ушул Мыйзам жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

- өздөрүнүн ченемдик укук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин;

- ушул Мыйзамдын кабыл алынышына байланыштуу белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө сунушту даярдасын жана киргизсин;

- ушул Мыйзамды жүзөгө ашырууну камсыз кылуу боюнча китепкана иши тармагында ченемдик укук актыларды кабыл алсын.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **А.Акаев**